Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат

Ыймандуулардын энеси Умму Абдулла Айша (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат ". Муслимдин риваятында "кимде-ким биздин шариятыбызда жок амалды кылса, ал өзүнө кайтарылат" деп айтылган.

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه البخاري ومسلم]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким динде бир нерсени ойлоп тапса, же Куран жана сүннөттө далили жок амалды аткарса, ал аны аткарган ээсине кайтарыларын, кабыл болбостугун баяндаган.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/66514